**БУДАЛЫК АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИНИН VII ЧАКЫРЫЛЫШЫНЫН КЕЗЕКТЕГИ 13 ЗАСЕДАНИЕСИНИН**

**Т О К Т О М У**

2023-жылдын 24-январы № 13/2 Кайнама айылы.

**Будалык айыл өкмөтүнүн 2022-жылдын 1-январына карата жергиликтүү өздүк кирешесинен 495,0 миң сом калган калдык акча каражатын 2022- жылдын бюджетине иштетүү жөнүндө**

Будалык айыл өкмөтүнүн 2023-жылдын 1-январына карата жергиликтүү бюджетинин өздүк кирешесинен калган калдык акча каражатын 2023-жылдын бюджетине иштетүү боюнча айыл өкмөтүнүн башчысы К.Мусабаевдин билдирүүлөрү угуп жана талкуулап, Будалык айылдык Кеңешинин 7-чакырылышынын кезектеги 13- заседаниеси **токтом кылат :**

1. Будалык айыл өкмөтүнүн 2023-жылдын 1-январына карата 2022-жылдан пайдаланылбай калган 3068,1 миң сом, анын ичинде бюджет эсебинде 2750,8 миң сом жана атайын каражаттар эсебинде 327,3 миң сом калдык акча каражатын 2023-жылдын бюджетинин киреше жана чыгаша бөлүгүнө кошумча киргизилсин.
2. Айылдык Кеңештин заседаниесинде талкууланган 2023-жылдын 1-январына карата 2022-жылдан пайдаланылбай калган 3068,1 миң сом, анын ичинде бюджет эсебинде 2740,8 миң сом жана атайын каражаттар эсебинде 327,3 мин сом калдык акча каражаты 2023-жылдын бюджетинин киреше жана чыгаша бөлүгүнүн сметасына кошумча киргизип берүү жагы Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин Алай финансы башкармалыгынан суралсын.
3. Жогорудагы бекитилген толуктоолорду мыйзам чегинде, өз максатында чыгымдоо жагын көзөмөлдөө айыл өкмөтүнүн башчысы жана финансы-экономика бөлүмүнө милдеттендирилсин.
4. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Будалык айылдык кенешинин бюджет боюнча туруктуу комиссиянын төрайымы А.Исманалиевага тапшырылсын.

**Будалык айылдык кенешинин**
**төрагасы: Арапбай уулу Улан**